# ММК фондунун 2025 жылдын биринчи жарым жылдыгында жарандар менен жүргүзүлгөн иштери

Мамлекеттик кепилдиктер программасы, дары-дармек менен камсыз кылуунун кошумча программасы боюнча медициналык жардам алууда алардын укуктары жөнүндө, ММК Полиси жөнүндө, ММК фонду жана анын аймактык башкармалыктары тарабынан үзгүлтүксүз негизде коомчулук менен жолугушуулар уюштурулуп жана өткөрүлүп турат. 2025 жылдын биринчи жарым жылдыгында бардыгы болуп 623 жолугушуу уюштурулду жана өткөрүлдү, анын ичинен калк жана бир катар өкмөттүк эмес уюмдар жана айылдык ден соолук комитеттери менен 331 жолугушуу, медициналык кызматкерлер менен 292 жолугушуу. Республикалык жана жергиликтүү телеканалдар боюнча –44 чыгып сүйлөө, радиодо – 17, басма сөздө – 8 жарыялоо болгон.

ММК системасынын ортосундагы өз ара аракеттенүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, ММК фонду үчүнчү деңгээлдеги саламаттык сактоо уюмдарынын (Улуттук хирургия борбору, Улуттук Госпитал, Улуттук кардиология жана терапия борбору, Улуттук онкология жана гематология борбору, Эне жана баланы коргоо улуттук борбору, Республикалык психиатрия жана наркология борбору) медициналык кызматкерлери менен жолугушууларды өткөрдү.

Мамлекеттик кепилдиктер программасынын алкагында калкка медициналык кызмат көрсөтүүнүн шарттарын талкуулоо, "Кыргыз Республикасында жарандарды медициналык камсыздандыруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу Ысык-Көл, Нарын, Чүй, Жалал-Абад, Талас, Ош жана Баткен облустарынын саламаттык сактоо уюмдарында болуп өттү. Жолугушууларга медицина кызматкерлери, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү, активисттер жана калк катышты. Милдеттүү медициналык камсыздандыруу программасын ишке ашыруу, жергиликтүү бийлик органдары менен өз ара аракеттенүү, дарылоо мекемелерин колдоо Президенттин Ысык-Көл, Чүй облустарындагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн, Нарын облусунун Жумгал районунун, Чүй облусунун Сокулук, Ысык-Ата жана Кемин райондорунун, Жалал-Абад облусунун Токтогул районунун, Талас облусунун Айтматов районунун, Ош облусунун Өж-Алай жана Алай райондорунун, Баткен облусунун Кадамжай районунун Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүнүн ММК фондунун жетекчилиги менен жолугушуусунда талкууланды. Милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча маалыматтык кампаниянын алкагында Жумгал районунун

Жергиликтүү жамааттарынын активдүү өкүлдөрү үчүн мамлекеттик кепилдиктер программасынын алкагында көрсөтүлүүчү медициналык кызматтар жөнүндө айыл тургундарына маалымдоо процессине жергиликтүү лидерлерди тартуу максатында окутуу тренинг өткөрүлдү. Мындан тышкары, сапардын жүрүшүндө ММК фондунун өкүлдөрү Чүй облусунун саламаттык сактоо уюмдарынын дарыкана кампаларын карап чыгышты.

ММК Фондунун социалдык тармактарда Facebook (https://www.facebook.com/fomsKG/), –Instagram (https://www.instagram.com/foms_kg/) жана Telegram-каналда (https://web.telegram.org/k/) расмий аккаунттары бар. Жалпысынан 2025-жылдын биринчи жарым жылдыгында ММК фондунун сайтында 88 пресс-релиз, маалымат агенттиктеринде 147 жаңылык материалдары, социалдык тармактарда 467 билдирүүлөр, 26 видео-релиздер даярдалган жана жайгаштырылган. ММК фонду менен келишим боюнча иштеген бардык саламаттык сактоо уюмдарында, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын маалымат такталарында ММК фондунун 113 ишеним номуруна кайрылуу жөнүндө маалымат жазылган плакаттар илинген.

Камсыздандырылган жарандардын медициналык кызматтарды алуудагы артыкчылыктары жөнүндө видеороликтер "ЭЛТР", "Мир", ТВ каналдары аркылуу, ошондой эле "Кыргызавтобекет", "Кыргызтемир жолу" мамлекеттик ишканасынын, "Манас"эл аралык аэропортунун күтүү залдарында көрсөтүлөт. Мындан тышкары, маалымат роликтерин көрсөтүү күн сайын саламаттыкты сактоо уюмдарынын залдарында жана ден соолукту чыңдоо кабинеттеринде орнотулган телевизорлор аркылуу, ошондой эле социалдык тармактарда жүргүзүлөт.